КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**12-сентябрь 2025-жыл № 2** **Совет айылы**

**“2025-жылдын 28-мартындагы Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясынын № 1 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө”**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн Гөлөгөн-Суу муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын 25-августундагы № 19 сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” 2008-жылдын 15-июлундагы № 99 мыйзамынын 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жана муниципалдык мүлк жөнүндө” 2001-жылдын 11-майындагы № 77 мыйзамынын 5-беренесине ылайык, жергиликтүү тургундардын таза суу менен камсыз болуу маселесин чечүү максатында Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XI-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. 2025-жылдын 28-мартындагы № 1 токтом менен Базар-Коргон шаарынын балансасына өткөрүлүп берилген Кызыл-Октябрь айылында жайгашкан таза суу кампа (резервуар) жана водозабор жайгашкан жер тилкеси узуну 85 метр, туурасы 75 метр, жалпы 63,75 сотых жер аянты кайрадан Кеңеш айыл өкмөтүнүн балансасына кайтарылып алынсын.

2. Кызыл-Октябрь айылында жайгашкан таза суу кампаны (резервуар) башкаруу жана иштетүү Кеңеш айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана жер адис А.Акматкуловго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун көчүрмөсү Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясына, жана Базар-Коргон шаарына маалымдоо үчүн жөнөтүлсүн.

5. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

6. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**